# Адамдардын эң жаманы – өзүнүн намазынан уурдаган адам" - деди. Абу Хурайра айтты: "Намазын кантип уурдай алат?". Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Намазынын рүкүсүн да, саждасын да толук кылбайт

Абу Хурайра, радыяллаху анху, рываят кылган хадисте Аллахтын элчиси, саллалаху алейхи уа саллам, айтты: "Адамдардын эң жаманы – өзүнүн намазынан уурдаган адам" - деди. Абу Хурайра айтты: "Намазын кантип уурдай алат?". Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Намазынын рүкүсүн да, саждасын да толук кылбайт".
[Сахих (ишенимдүү)] [Ибн Хаббан жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, уурулук кылган адамдын эң жаманы, намазынан уурдаган адам экенин баяндады. Себеби, башка бирөөнүн акчасын алуу, бул дүйнөдө ага пайда алып келиши мүмкүн. Намазын уурдаган ууру бул ууруудан айырмаланып турат. Анткени ал өзүнүн сооп-сыйлыгын уурдап алат. Сахабалар: "Оо, Аллахтын Элчиси, ал намазынан кантип уурдайт?" - деп айтышты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: "Намазынын рүкүсүн да, саждасын да толук кылбайт" - деп айтты. Себеби, ал рүкүдө жана саждада шашып, эки рекет намазын толук түрдө аткарбай калат.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65100